ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин
Окумуштуулар Кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№6 ПРОТОКОЛУ**

*3-март, 2021-жыл.*

*Төрага:* У.А. Сопуев
*Окумуштуу катчы:* Н.А. Абдирайимова
*Катышкандар*: Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү – 35 мүчөсүнөн 29 мүчөсү бар.

*Күн тартиби:*
1. 2020-2021-окуу жылындагы окуу, тарбиялык иштердин жарым жылдык жыйынтыктары жана жаңы окуу жылына карата милдеттер *(Баяндамачы: декандын окуу-иштери боюнча орун басары, тех.и.к. доцент А.Ж. Кудуев);*
2. МИОТжББМ кафедрасындагы окуу, усулдук, илимий жана тарбиялык иштердин жүргүзүлүшүнүн абалы *(Баяндамачы: комиссиянын төрагасы, КМИ жана графикалык дизайн кафедрасынын башчысынын м.а., доцент Б.А.Азимов);*
3. Компьютердик борбордун техникалык жана программалык камсыздалышынын абалы жана алдыдагы милдеттери *(Баяндамачы: компьютердик борбордун директору, колдонмо информатика жана информациялык коопсуздук кафедрасынын улук окутуучусу Б.Ш. Нуранов);*
4. Ар түрдүү маселелер.

**Угулду**: МИТ факультетинин деканы У.А. Сопуев күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды.
Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-2-3-маселеге 15-20 минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга 5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдooого алынды.

**1-маселе.**

**Угулду:**

2020-2021-окуу жылындагы окуу, тарбиялык иштердин жарым жылдык жыйынтыктары жана жаңы окуу жылына карата милдеттер боюнча деканынын окуу-иштеринин орун басары, тех.и.к. доцент А.Ж. Кудуевдин билдирүүсү угулду (отчет тиркелет).

**Сөзгө чыкты:**

*Сопуев А. (ИСП кафедрасынын башчысы, профессор)*: Аккредитациядагы берилген сунуштар боюнча эмне иштер аткарылды?

*Жооп: тиешелүү кафедралар боюнча сунуштар аткарылып жатат.*

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* 1-семестрде окуу онлайн болду, студенттерге анкетирлөө жүргүзүлдүбү?
*Жооп:* Онлайн учурунда студенттерден анкетирлөө жүргүзүлдү. Ал жердеги суроолор анонимдүү болуп, 200дөй студенттер жооп беришти. Диаграмма жасалып, отчет жасалды.
*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* МИОТжББМ кафедрасынын дисциплиналары эмне үчүн сапаттык көрсөткүч төмөн?

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* Сессиясын тапшырбаган 140 студент үчүн кандай чаралар каралат?
*Жооп: бул боюнча кураторлор менен иштөө керек. Андан сырткары биз дагы ар бир чогулушта ушул маселе боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүп жатабыз.*

**Талкуу:**

*Аттокурова А. Ж. (МИОТжББМ кафедрасынын башчысы):* кафедрада талкуулаган. Магистранттардын биринчи экзамени, аралыктан сабак болгондуктан кайра тапшырышат деген ойдобуз.
*Г. Матиева (Алгебра жана геометрия кафедрасынын профессору):* отчет абдан жакшы даярдалган. Бугун окуу-тарбиялык иштер толук каралып жатат да. Методикалык кеңеш токтоосуз иштерди аткарган болсо керек. Бир эки үч милдетти айтып кетсе жакшы болот эле. Тарбиялык иштер боюнча да 1, 2 пункттан турган билдирүү жасалса жакшы болмок.

Биринчи маселе боюнча жогоруда белгиленген материалдардын, пикирлердин, баяндамада, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2020-2021-окуу жылынын 1-семестринин 1-жарым жылдыгынын эсеп-кысабы боюнча декандын окуу иштери боюнча орун басары доцент А.Ж. Кудуевдин ***отчету*** канаатандырарлык деп табылсын.

2. Факультетте окуу процессин уюштуруу жана окутуунун сапатын мындан ары жогорулатуу максатында төмөнкү иш-чаралар аткарылсын:

2.1. студенттердин билимин баалоодо окутуучулар тарабынан балл топтоонун эрежелери сакталбагандыгына байланыштуу, окутуучулар үчүн квалификациясын жогурулатуу максатында ОМК ларды түзүү жана аларды AVN маалыматтык системасына жайгаштыруу боюнча семинар уюштурулсун *(жооптуулар: кафедра башчылары, усулдук кеңеш);*

2.2. профессордук-окутуучулук курамдын сапаттык көрсөткүчүн жана билим берүүнүн сапатын көтөрүү максатында студенттерди, окутуучуларды анкетирлөөнүн, жыйынтыгын анализдөөнүн жана уюштурулуучу иш-чаралардын жоболору иштелип чыксын *(жооптуулар: усулдук кеңеш, деканат);*

2.3. кафедраларда студенттердин билим сапатын жогорулатуу максатында иш алып барган кружоктордун иш аракеттери күчөтүлсүн *(жооптуулар: тиешелүү бүтүрүүчү кафедралар, усулдук кеңеш, декандын илимий иштери боюнча орун басары);*

2.4. окутуучулардын ачык сабактарды өтүү, ачык сабактын иштелмелерин түзүү, өз ара сабактарга катышуу жана аларга анализ берүү күчөтүлсүн *(кафедра башчылары, усулдук кеңеш, деканат)*;

2.5. профессордук-окутуучулук курамдын сапаттык көрсөткүчүн көтөрүү максатында ар бир окутуучунун иш ордун талапка жооп бере тургандай денгээлде уюштурулуп берилсин, б.а. стол, стул, компьютер, принтер менен камсыздалсын *(жооптуулар: кафедра башчылары);*

2.6. окуу кааналардын багытка/адистикке багытталып жабдылышы жана жасалгаланышы колго алынсын *(жооптуулар: программа жетекчилери, жумушчу топтор)*;

2.7. интерактивдүү доскалардын колдонулушу колго алынсын, окутуучуларга интерактивдүү досканы иштетүү боюнча семинар уюштурулсун *(жооптуулар: усулдук кеңеш, кафедра башчылары, компьютердик борбор)*;

2.8. Дистанттык технологияларды колдонуу менен сырттан окуу бөлүмүнүн студенттери менен On-line байланышты (Facebook, Whatsapp) түзүү күчөтүлсүн *(Жооптуулар: кураторлор, сырттан окуу бөлүмүнү методисти);*

2.9. бүтүрүүчүлөр, иш берүүчүлөр жана ата-энелер менен жолугушууларды өткөрүү күчөтүлсүн *(жооптуулар: Абдимиталип уулу К.., кафедра башчылары, кураторлор);*

2.10. студенттердин контингентин көбөйтүү жана сактоо максатында кесипке багыттоо иш чараларды жүргүзүү күчөтүлсүн *(жооптуулар: кафедра башчылар, окутуучулар);*

2.11. тайпалардын абсолюттук жана сапаттык көрсөткүчтөрү төмөндүгүнүн себептери анализденип тиешелүү иш чаралар көрүлсүн *(жооптуулар: кураторлору, тиешелүү бүтүрүүчү кафедралар, деканат);*

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө декандын окуу иштери боюнча орун басары доцент А.Ж. Кудуевге жүктөлсүн.

**2-маселе.**

Экинчи маселе боюнча математика жана информациялык технологиялар факультетинин МИОТжББМ кафедрасындагы окуу, усулдук, илимий жана тарбиялык иштердин жүргүзүлүшүнүн абалын текшерүү боюнча комиссиянын төрагасы, КМИ жана графикалык дизайн кафедрасынын башчысынын м.а., доцент Б.А.Азимовдун билдирүү жасады (сравка тиркелет).

**Сөзгө чыкты:**

*Аркабаев Н.К. (ИСП кафедрасынын башчысы, доцент)*: кафедрада факультеттин деңгээлинде уюштурулган иш -чаралар боюнча маалымат берилдиби?

*Жооп: быйылкы жыл боюнча шартка байланыштуу жок экен. Өткөн жылдарда бир нече конференциялар өткөрүлүптур.*

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* анкетирлөө жакшы дедиңиз, алардын электрондук варианты бар бекен.
*Жооп:* Онлайн учурунда студенттерден анкетирлөө жүргүзүлгөн жана алар папкада сакталган.
*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* МИОТжББМ кафедрасынын быйылкы практика боюнча жыйынтыгы бар бекен?
*Жооп:* практика эми жыйынтыкталат экен.

**Талкуу:**

*Аттокурова А. Ж. (МИОТжББМ кафедрасынын башчысы):* биринчиден комиссиянын төрагасына жана мүчөлөрүнө ыраазычылык билдирем. Баллоо критерийлерин толуктоо боюнча түшүндүрүү семинарды жүргүзгөнбүз. Критерийлердин карап чыгуу керек. Ал эми 19-бюллетендин өзү боюнча бир кан биз өзүбүз сунушубузду беребиз. Ачык сбактар боюнча биз кафедрада караганбыз. Бул биздин кафедранын журналында жазылып турат. Чындыгында бул иш-чараларды аткарып келгенбиз. Назаровдун конференциясын 3 жылда бир, 2021-жылы сентябрь айынын Республикалык деңгээлде илимий- практикалык конференция уюштурабыз деп пландаштырып жатабыз.

Комиссия математика жана информациялык технологиялар факультетинин МИОТжББМ кафедрасындагы окуу-усулдук, илимий жана тарбиялык иштердин жүргүзүлүшүнүн абалын текшерип, төмөндөгүдөй

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. МИТ факультетинин МИОТжББМ кафедрасындагы окуу-усулдук, илим-изилдөө жана тарбиялык иштердин жүргүзүлүшүнүн жана аккредитацияга даярдыктын абалын текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча комиссиянын бүтүмү канааттандырарлык деп табылсын;
2. Дисциплиналардын ОМКларына түзөтүү киргизилсин;
3. ОшМУнун сайтындагы кафедранын баракчасы толукталсын, бардык маалыматтар үч тилде (кыргыз, орус, англис) жарыялансын;
4. Окутуучулардын өз ара сабактарга катышуусу күчөтүлсүн;
5. Жогорудагы айтылгандардын аткарылышы кафедра башчысы А. Ж. Аттокуровага жүктөлсүн.

**3-маселе.**

Компьютердик борбордун техникалык жана программалык камсыздалышынын абалы жана алдыдагы милдеттери боюнча компьютердик борбордун директору, колдонмо информатика жана информациялык коопсуздук кафедрасынын улук окутуучусу Б.Ш. Нуранов билдирүү жасады (справка тиркелет).

**Сөзгө чыкты:**

*Г. Шамшиева (КМИ жана графикалык дизайн кафедрасынын улук окутуучусу):* Электрондук доскаларды башка лекциялык залдарга коюуга болобу?

*Жооп: быйылкы жыл боюнча шартка байланыштуу жок экен. Өткөн жылдарда бир нече конференциялар өткөрүлүптүр.*

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* бир компьютердик классты лицен-к програ лицен. Камсыздоого болобу?

*Жооп: Онлайн учурунда студенттерден анкетирлөө жүргүзүлгөн жана алар папкада сакталган.*

*Аркабаев Н.К. (ИСП кафедрасынын башчысы, доцент)*: студенттердин 50 пайызына жетпей жатышат. Ушул маселе боюнча кандай чечилет?

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* сиздер уюштуруп жаткан курстар акылуубу?

*Жооп: акылуу.*

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* сиздердин коллективде чет жактан стажировкадан өтуп келгендер барбы?

*Жооп: азыр ошол маселе боюнча иш алып барып жатабыз.*

**Талкуу:**

*Г. Матиева (Алгебра жана геометрия кафедрасынын профессору):* Дүйнөлүк деңгээлде компьютердик илим деген бар да. Ошол жакка студенттерди жөнөтүү керек. Компьютердик илим боюнча адисти даярдоо керек. Жаш адистерге жетекчи таап берип, баарыбыз жапа тырмак жардам беришибиз керек.

**ТОКТОМ:**

МИТ факультетинин “Компьютердик борбор” окуу лабораториясынын техникалык жана программалык камсыздалышы боюнча Окумуштуулар кеңеши ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. IT тармагындагы кафедралардан компьютердик класстарга орнотулуучу лицензиясы бар программалык каражаттардын тизмеси суралсын;

2. Компьютердик класстардагы жеке компьютерлерге жетекчиликтен лицензиясы бар программалык каражаттарын сатып алуу суралсын;

3. Жетекчилик тарабынан инженер-электронщик штаттын ачылуусу суралсын;

4. Азыркы учурдагы программалык каражаттарга системалык талаптардын күчөтүлүшүнө байланыштуу окуу лабораториясына Core i7 тибиндеги компьютерлерди алуу суралсын;

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө “Компьютердик борбор” окуу лабораториясынын директору Б. Ш. Нурановго жүктөлсүн.

**3. Ар түрдүү маселелер**

1) МИТ факультетинин матанализ кафедрасынын доценти, ф.-м.и.к. А.К.Тойгонбаеванын (авторлоштору А.Д.Камбарова, А.А.Абдилазизова) «Биринчи тартиптеги диференциалдык теңдемелерди чыгаруу» окуу-методикалык колдонмосун басмага сунуштоо.

УГУЛДУ:

*Сопуев У.А (факультеттин деканы, доцент):* «Биринчи тартиптеги дифференциалдык теңдемелерди чыгаруу» аттуу окуу-методикалык колдонмосу жогорудагы аталган авторлор тарабынан иштелип чыккан. Тиешелүү кафедранын жана факультеттин метод кеңешинин чечими бар. Анда окуу-методикалык колдонмону тааныштыруу үчүн авторлорго сөз берейин.

*А.К.Тойгонбаеванын (матанализ кафедрасынын доценти)*: Бул окуу-методикалык колдонмодо биринчи тартиптеги дифференциалдык теңдемелерди чыгаруу үчүн теориялык жана практикалык каралган. Окуу колдонмо кыргыз тилинде жазылып, студенттер үчүн жеткиликтүү, түшүнүктүү деңгээлде берилген. Студенттер, магистранттар, аспиранттар жана окутуучулар үчүн даярдалган. Ошондуктан бул колдонмону басмадан чыгаруу керек деп эсептеймин жана басмага сунуштоо чечимин колдоп берүүңүздөрдү суранам.

*Сопуев У.А (факультеттин деканы, доцент):* Анда «Биринчи тартиптеги дифференциалдык теңдемелерди чыгаруу» деп аталган окуу-методикалык колдонмону басмага сунуштайм жана колго салам.

Окумуштуулар Кеңешинин калган мүчөлөрү да жогорудагы пикирлерди бир добуштан колдошту.

**Т О К Т О М:**

1. Математикалык анализ кафедрасынын доценти, ф.-м.и.к. А.К.Тойгонбаеванын (авторлоштору А.Д.Камбарова, А.А.Абдилазизова) «Биринчи тартиптеги диференциалдык теңдемелерди чыгаруу» окуу-методикалык колдонмосу басмага сунушталсын;

2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кенешинен суралсын.

3) МИТ факультетинин информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын доцентинин м.а. Б.О. Көчкөнбаева жана кафедранын доценти У. Сактанов, Айтбай кызы А. тарабынан даярдалган «С++ тилинде программалоонун жолдору жана маселелер жыйнагы» деп аталган окуу-методикалык колдонмосун басмага сунуштоо жөнүндө.

**УГУЛДУ:**

*Сопуев У.А (факультеттин деканы, доцент):* «С++ тилинде программалоонун жолдору жана маселелер жыйнагы» аттуу окуу-методикалык колдонмосу жогорудагы аталган авторлор тарабынан иштелип чыккан. Тиешелүү кафедранын жана факультеттин метод кеңешинин чечими бар. Анда окуу-методикалык колдонмону тааныштыруу үчүн авторлорго сөз берейин.

*Б.О. Көчкөнбаева* (*информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын доценти*): Бул окуу колдонмолор практикалык, лабораториялык сабактарды өтүүдө студенттер үчүн абдан керектүү адабияттардын тизмесине кире алат жана бул колдонмолор заманбап технологияларды колдонуу менен жазылган. Студенттер, магистранттар жана окутуучулар үчүн даярдалган. Ошондуктан бул колдонмону басмадан чыгаруу керек деп эсептеймин жана басмага сунуштоо чечимин колдоп берүүңүздөрдү суранам.

*Сопуев У.А (факультеттин деканы, доцент):* Анда "С++ тилинде программалоонун жолдору жана маселелер жыйнагы" деп аталган окуу-методикалык колдонмону басмага сунуштайм жана колго салам.

Окумуштуулар Кеңешинин калган мүчөлөрү да жогорудагы пикирлерди бир добуштан колдошту.

**Т О К Т О М**

1. Информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын доцентинин м.а. Б.О. Көчкөнбаева жана кафедранын доценти У. Сактанов, Айтбай кызы А. тарабынан даярдалган «С++ тилинде программалоонун жолдору жана маселелер жыйнагы» деп аталган окуу-методикалык колдонмосун окуу-методикалык колдонмосу басмага сунушталсын;

2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кенешинен суралсын.

4) МИТ факультетинин информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын доценти Д.И. Зулпукарова, доцент Абдуллаева Ч.Х., доцент Дилишатов Ө. тарабынан даярдалган «Булут технологияларынын сервистери менен иштөө» деп аталган окуу-методикалык колдонмосун басмага сунуштоо.

УГУЛДУ:

*Сопуев У.А (факультеттин деканы, доцент):* «Булут технологияларынын сервистери менен иштөө» аттуу окуу-методикалык колдонмосу жогорудагы аталган авторлор тарабынан иштелип чыккан. Тиешелүү кафедранын жана факультеттин метод кеңешинин чечими бар. Анда окуу-методикалык колдонмону тааныштыруу үчүн авторлорго сөз берейин.

*Д.И. Зулпукарова (информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын доценти кафедрасынын доценти*): Бул окуу колдонмо заман талабына ылайык жазылып, студенттер үчүн жеткиликтүү, түшүнүктүү деңгээлде берилген. Бул окуу колдонмолор практикалык, лабораториялык сабактарды өтүүдө студенттер үчүн абдан керектүү адабияттардын

тизмесине кире алат жана заманбап технологияларды колдонуу менен жазылган. Ички жана сырткы рецензиялар берилген. Ошондуктан бул колдонмону басмадан чыгаруу керек деп эсептеймин жана басмага сунуштоо чечимин колдоп берүүңүздөрдү суранам.

*Сопуев У.А (факультеттин деканы, доцент):* Анда «Булут технологияларынын сервистери менен иштөө» деп аталган окуу-методикалык колдонмону басмага сунуштайм жана колго салам.

Окумуштуулар Кеңешинин калган мүчөлөрү да жогорудагы пикирлерди бир добуштан колдошту.

**Т О К Т О М:**

1. Информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын доценти Д.И. Зулпукарова, доцент Абдуллаева Ч.Х., доцент Дилишатов Ө. тарабынан даярдалган «Булут технологияларынын сервистери менен иштөө» деп аталган окуу-методикалык колдонмосун басмага сунушталсын;

2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кенешинен суралсын.

Окумуштуулар Кеңешинин

төрагасы: Сопуев А.У.

ДЕКАНАТ

Окумуштуу катчы: Абдирайимова Н.А.